• Актуалдуу маек



*Зина АСАНКОЖОЕВА:*

# “ОППОНЕНТТЕРГЕ МЕНИН ЖООБУМ - УЛУТТУК БАНКТЫН ИШИНИН НАТЫЙЖАСЫ”

***Улуттук банктын башчысы, биздин жердешибиз “Вечерний Бишкекке” берген интервьюсунда өзүнүн ийгиликтери жана бүтпөй калган иштери, ошондой эле кызматтан кетүүсүнүн себептери жөнүндө айтып берди.***

**- Сиз эмне себептен Улуттук банктын Төрайымы кызматынан мөөнөтүнөн мурда кетип жатасыз?**

- Улуттук банктын башчысы кызматы – бул абдан зор көлөмдөгү иш жана ар бир кадамы жана ар бир сөзү үчүн чоң жоопкерчилик. Акыркы жылдары иштен башкасынын баары экинчи планда болуп калган эле. Азыркы учурда үй-бүлөдөгү түзүлгөн абалга байланыштуу мен үй-бүлөмө көбүрөөк көңүл буруум керек.

**- Сизге башка кызмат сунушташтыбы? Эмне кылайын деп жатасыз?**

- Ооба, сунуш болду. Мен бул вариантты караштырып жатам. Мамлекеттик кызматта ишимди улантам деп ойлойм.

**- Өзүңүздү кайсы иштер боюнча мактайт элеңиз?**

- Кызматымды кайгырып, капа болбостон калтырып жатам. Улуттук банктын чоң кесипкөй коллективи менен бирдикте аракеттенип, өткөн үч жылдын ичинде бир кыйла ийгиликтерге жетиштик деп эсептейм: инфляциянын деңгээли жарыя кылган көрсөткүчтөн ашкан жок, экономиканы монетизациялоонун көрсөткүчтөрү жогорулады, коммерция банктарынын активдери дээрлик эки эсе көбөйдү, депозиттер бир жарым эседен ашык көбөйдү, банктардын жана банк эмес уюмдардын кредиттери эки эсе көбөйүп, 80 миллиард сомдон ашты. Ошону менен бирге пайыз ставкалары төмөндөөдө, акча-кредит саясатында реформа жүрүп жатат, илимий изилдөө иштери жигердүү болууда, көзөмөлдү өркүндөтүү боюнча иш чараларды жүргүздүк.

**- Эмнелерди жасаганга үлгүргөн жоксуз? Кайсы демилгелерди улантуу керек?**

- Орто мөөнөттөгү жана узак мөөнөттөгү макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн дагы көп иштер зарыл. Каржылоо бардык жерге, бардык тармактарга жетиштүү болуп, пайыздык ставкалар төмөндөп, өндүрүштү өнүктүрүү үчүн узак мөөнөткө берилген кредиттерди көбөйтүү багытында жүргүзүлгөн иш чараларды улантуу керек. Накта акчасыз эсептешүүлөрдү өнүктүрүүнү улантуу зарыл. Эгерде биз экономикалык өсүштү жана өлкөбүздөгү бакубат турмушту кааласак бул иштерди бардык мамлекеттик органдардын бирдиктүү аракеттери менен жасашыбыз керек.

Мен Улуттук банкта башталган реформалар курсу улантылат деген үмүттөмүн. Көп жолду басып өттүк. Эми эң негизгиси токтоп калбай жолду арбытуу керек.

Биринчиден, мен акча-кредит саясатынын жаңы негизин киргизүү боюнча иштер улануусун каалайт элем. Биз былтыр баштаган иштин натыйжасы убакыт өткөндө гана билинет. Ишенип коюңуздар, айырма орчундуу болот.

Экинчиден, мен “Төлөө системасы жөнүндө” мыйзам кабыл алынат деп абдан ишенем. Болгондо да Улуттук банктын редакциясында. Башкача айтканда төлөө карталарын иштетүү жана акыркы эсептешүүлөр биздин өлкөнүн гана аймагында жүргүзүлөт. Ошону менен өлкөбүздүн финансылык коопсуздугу багытында дагы бир кадам жасалат. Банк системасынын туруктуулугун бекемдөө үчүн көзөмөлдү өнүктүрүүнү улантуу, эл аралык Базель стандарттарын киргизүүнү аяктоо, Банк кодексин кабыл алуу зарыл.

**- Улуттук банктын, Өкмөттүн жана кайсы гана ведомство болбосун ар бир жаңы жетекчиси келгенде өнүгүүдө кандайдыр бир орчундуу жылыш болот деп күтүшөт. Сиз Төрайым болуп турганда кандай кардиналдуу өзгөрүүлөр болду?**

Дароо эле белгилеп кетейин борбордук банктын максаттары менен милдеттери анын төрагасынын келиши, же кетиши менен өзгөрүлүп кетпейт. Анын өнүгүүсү жана өркүндөөсү эволюциялык мүнөздө дайыма болуп турган процесс. Бирок ошого карабастан кардиналдык өзгөрүүлөр дагы болууда. Алсак, мен айтып кеткендей 2013-жылы акча-кредит саясатын жүргүзүүнүн негизи өзгөрүлдү. Бул иш үч багытта комплекстүү жүргүзүлүп жатат. Биринчиден, акча-кредит саясатынын трансмиссия механизминдеги валюта каналынын үстөмдүгүн азайтуу аркылуу пайыздык каналдын ишин күчөтүүгө шарттарды түзүү. Экинчиден, эсепке алуу ставкасынын - Улуттук банктын саясатынын ставкасынын айланасындагы «коридорду» түзүү жана банк системасына ликвиддүүлүктү бериш үчүн акча-кредит саясатынын инструменттерин өркүндөтүү. Үчүнчүдөн, инфляцияны жана башка макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү прогноздоо жана талдоонун сапатын жакшыртуу үчүн Улуттук банктын илимий изилдөө иштерин күчөтүү. Бул үчүн Улуттук банкта Экономикалык изилдөөлөр борбору уюштурулду.

Өзгөрүүлөр оңой эле боло бербейт, бирок алар зарыл. Акча-кредит саясатын жүргүзүүдөгү айтып кеткен жаңылыктар көз каранды эмес эксперттер менен бир кыйла эле узак убакыт талкууланган. Жаңы инструменттер аркылуу түзүлгөн мүмкүнчүлүктөргө коммерция банктары дароо эле көнүп кетишкен жок. Бирок баары өзгөрөт жана убакыт бул жаңылыктардын натыйжалуу экенин таасын көрсөтөт.

Алтын-валюта резервдерин башкаруу боюнча орчундуу өзгөрүүлөр бар. Улуттук банк ички рынокто алтын сатып алууну кайрадан улантты жана эл аралык резервдердеги анын үлүшүн 8,6 пайызга чейин жеткирди. Азыркы мезгилде алтындын көлөмү 3,7 тонна, ал 2011-жылы болсо Улуттук банктын балансындагы алтындын көлөмү 1997-жылдан бери өзгөрбөй келип 2,58 тонна болгон.

АКШ долларынын, евронун, Россия рублинин жана Казакстан теңгесинин кыргыз сомуна карата расмий курстары күн сайын аныктала баштады. Бул болсо валюта рыногундагы кырдаалды өз убагында жана реалдуу көрсөтүүгө, чарба субъекттеринин чет элдик валютадагы эсептешүү мамилелерин жакшыртууга шарт түзөт.

Ишке ашырылган реформалардын тизмесин уланта берсек болот, бирок окурмандар бул жөнүндө Улуттук банктын отчетунан кеңири биле алышат деп ойлойм.

**- Жыл башындагы доллардын курсунун кескин өзгөрүшү менин эсимде. Өлкөнүн валюта рыногундагы кырдаал акыркы айларда абдан эле туруксуз болду. Азыр сомдун курсу туруктуу болуп калды. Кырдаалды нормалдуу абалга келтирүү үчүн Улуттук банк реалдуу түрдө эмне иштерди жасады?**

- Быйыл биздин сомго тышкы жана ички факторлор таасирин тийгизишти. 2014-жылдын башынан бери доллардын сомго болгон курсу 10,68 пайызга, же бир доллар үчүн 49,1894 сомдон 54,4406 сомго чейин жогорулады.

Тышкы факторлордон доллардын курсу дүйнөлүк валюта рынокторунда (анын ичинде Кыргыз Республикасынын соода шериктери болгон мамлекеттерде) жогорулаганын, казак теңгесинин 20 пайызга девальвация болгонун, Россия рублинин курсунун Украинадагы окуяларга байланыштуу төмөн түшкөнүн белгилеп кетсек болот.

Тышкы факторлордун таасирин биз Улуттук банктын колундагы бардык каражаттар менен азайтууга аракет жасадык. Мисалга бардык коммерция банктары үчүн ачык валюта позициясынын лимитин 15 пайыздан 7 пайызга чейин азайттык. Ашыкча ликвиддүүлүктү тазалаш үчүн ноттордун сатуунун көлөмүн көбөйттүк. Ал биринчи кварталда 22 миллиард сомду түздү. 17-февралдан тартып жаңы инструмент – “овернайт” депозитин киргиздик.

Андан тышкары коммерция банктарынын валюта позицияларына, чет элдик валюталар менен акча алмашуу курстарына мониторинг жүргүзүлдү. Финансы рыногунун бардык объекттери текшерилди. Мыйзамды бузгандарга эскертүү берүүдөн баштап лицензиясын токтотуп коюу жана лицензиясын алып салуу сыяктуу бардык чаралар колдонулду.

Албетте, интервенциялар да өткөрүлдү. Аларга биз алтын-валюта резервинин 5 пайызга жакынын пайдаландык. Кимдер айтпасын жана кандай сөздөр айтылбасын бул кадам туура жана өз убагында болду.

Тышкы факторлордун таасиринен башка валюта рыногунда спекуляциялык иштер дагы болду. Ушуга байланыштуу Улуттук банк тийиштүү чараларды көрдү. Валютанын тышка кетиши жана ажиотаж байкалган жок. Азыркы мезгилде жазгы талаа жумуштарын каржылоого, баалардын негизсиз өсүшүнө көзөмөл жүргүзүүгө, ишканаларга, биринчи кезекте экспортко жана импортту алмаштырууга багытталган ишканаларга инвестиция тартууга бардык күчтү жумшоо зарыл.

**- Микрофинансы секторундагы көйгөйлүү маселеси бар кредиттер кандай болуп жатат? Кредит алгандардын жаңыдан кайра чыгып, алардын оюу боюнча кредиторлордун мыйзамсыз болуп жаткан иштери жөнүндө арызданышына Улуттук банктын позициясы кандай?**

- Акыркы төрт жылдын ичинде Улуттук банк коммерция банктарынан жана финансы эмес кредит уюмдарынан кредит алгандардын жана барымта койгондордун арыздары боюнча дайыма иш жүргүзүп келе жатат. Ар бир иш банктардын жана микрофинансы уюмдарынын иштери мыйзамга жана кредит келишимине туура келеби, же туура келбейби деп текшерилген. Аз гана мыйзам бузуулар табылган. Бул кредиторлорго карата Улуттук банк чара көргөн.

Азыркы убакта ар түрдүү мамлекеттик органдарга кайрылып жана алардын маселелерин чечүүнү талап кылган заемщиктердин эки категориясы бар. Биринчи топ 2010-жылдын апрелиндеги жана июнундагы окуялардан улам кредиторлордун алдында милдеттенмелерин аткара албай калгандардан турат. Бул топтун заемщиктеринин (алар 7 миңден ашык киши эле) маселелери “Адилетке жол” коомдук бирикменин айрым мүчөлөрүнөн башкасыныкы жөнгө салынган.

Экинчи топ – көйгөйлүү маселелери бар заемщиктер. Алардын кредиторлор алдында милдеттенмелерин аткара албай калганынын себеби эреже катары финансы абалынын начарлашы менен байланышкан. Улуттук банк өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде кредит уюмдары менен заемщиктердин ортосундагы маселелерди чечүүгө шарт түзүүдө. Биз заемщиктер менен кредиторлордун диалогун уюштуруп жатабыз, чыр-чатактарды басууга аракеттенебиз. Мында мен баса көрсөткүм келет: кредит уюмдарынын ишине жөнү жок кийлигише берүү бизнестин өнүгүүсүнө кедерги болот. Анткени калктын басымдуу бөлүгү зарыл болгон кредит каражаттарын алууга мүмкүнчүлүктөн ажырайт.

Заемщиктердин айрым талаптарын аткарсак башкалары дагы ушундай эле талаптар менен чыгышы мүмкүн. Акырында мындай прецедент финансы-кредит системасын жана өлкөнүн экономикасын коллапска алып барат. Маселени кредиторлор менен заемщиктердин ортосундагы мамилелердин ачык-айкын болушун камсыз кылуу максатында мыйзам базасын өркүндөтүү, калктын жалпы финансы сабаттуулугун жогорулатуу жана жоопкерчиликтүү кредит берүү деп аталган багытта иш жүргүзүү менен гана чечүүгө болот.

Бирок, кырдаал опурталдуу эмес. Кредит берүү рыногунун өсүш темпи жакшы. 2011-жылдын башында банктар жана финансы эмес кредит уюмдары берген кредиттердин көлөмү 43,7 миллиард сом болсо, азыркы мезгилде 81,5 миллиард сомдон ашты. Банк секторундагы убактысы өтүп кеткен кредиттердин көлөмү 5 пайыздан ашык эмес, микрофинансы секторунда болсо – 2-3%.

**- Россияда азыр улуттук төлөө системасын тездетилген темп менен түзүү боюнча иштеп жатышат. Россиянын ири банктарынын карталарын төлөөнү токтоткон Visa жана MasterCard эл аралык төлөө системаларынын санкцияларынан кийин Владимир Путин Өкмөткө жана Борбордук банкка жакынкы айларда бул маселени чечкиле деген тапшырма берген. Бизде болсо кандай болуп жатат? Азыркы этапта Кыргызстандын төлөө системасынын абалы кандай?**

- Кыргызстанда төлөө карталары менен эсептешүүнүн "Элкарт" улуттук системасы бар. Төлөө карталарын иштетип турган Бирдиктүү банк аралык процессинг борбору иштеп жатат. Тиешелүү түрдө акчаны жиберген да, акчаны алган дагы республиканын аймагында болгондо бул маалыматты иштеп чыгуу жана сактоо чет өлкөдө эмес, биздин аймакта жайгашкан процессинг борборунда болууга тийиш.

Улуттук банктын демилгеси менен сунушталган “Кыргыз Республикасындагы төлөө системасы жөнүндө” Мыйзамдын долбоору өлкөнүн финансы коопсуздугу боюнча тобокелдиктерди азайтууну карайт жана улуттук валютада процессингди биздин өлкөнүн аймагында жүргүзүү талабын коёт. Бул талапты бардык системалар аткара алышат. Парламент үч окууда кабыл алган редакциядагы бул мыйзамды ишке киргизүүнү тездетүү зарыл.

Жалпысынан төлөө системасы туруктуу иштеп жатат, эл аралык стандарттарга туура келген жана көп сандагы төлөөлөрдү тез карап чыгууга жөндөмдүү жогорку деңгээлдеги кубаттуулугу бар заманбап системалар ишке киргизилди (реалдуу убакыт режиминдеги эсептешүүлөрдүн гросс системасы, майда жана чекене төлөөлөрдүн пакеттүү клиринг системасы, төлөө карталары менен эсептешүүнүн "Элкарт" улуттук системасы). Жылда жылга накталай акчасыз төлөөлөр, төлөө карталары көбөйүүдө. 2013-жылы эле алардын саны дээрлик 60 пайызга көбөйүп 650,6 миңге жетти. Бирок накталай акчасыз төлөөлөр боюнча дагы көпкө иштеш керек.

**- Сизди Улуттук банктын ичиндеги кайра уюштуруулар боюнча сындашкан беле? Чындап эле Сиздин катаал башкаруу стилиңиз туура деп ойлойсузбу?**

- Мүмкүн менин стилимди катаал деп атаса болот. Бирок мен өзүм тартипке көнгөнмүн жана башка башкалардан дагы ушуну талап кылам. Улуттук банкты кайра уюштуруу жөнүндө айтсак мен Улуттук банктын иши дайыма өркүндөтүлүшү зарыл деген пикирдемин. Замандан артта калбаш керек, бул болсо өзгөртүүлөрдү талап кылат. Иштин натыйжасын жогорулатуу үчүн айрым башкармалыктар жоюлуп, же башкалар менен бириктирилип, жаңы бөлүмдөр түзүлгөн. Албетте бардык эле кардиналдуу өзгөртүүлөр сыяктуу бул реформа дагы кыйналуусуз болмок эмес. Көзөмөл алдындагы уюмдар боюнча Улуттук банк мыйзам чегинде гана иштеди. Биз айрым адамдардын гана кызыкчылыгын көздөбөстөн мамлекеттик кызыкчылыктарды көздөдүк. Улуттук банктын ишинин натыйжасы, бардык көрсөткүчтөр боюнча прогресс менин оппоненттериме берген башкы жооп болот.

**- Келечекте Улуттук банкка кайрылып келүү мүмкүнчүлүгүн караштырган жоксузбу?**

- “Бир эле дарыяга эки жолу кирүүгө мүмкүн эмес" деп айтышат. Бирок, менин карьеримде мындай нерсе болгон. Мен эмгек жолумду Улуттук банкта Эсеп жана отчеттуулук башкармалыгында баштагам. Жылдар өткөндөй кийин мен кайрадан Улуттук банкка келдим, адегенде төраганын орун басары болуп, андан соң Улуттук банктын Төрайымы болдум. Кайрадан бул кайталанабы? Минтип ойлобойм. Бирок турмуш өзү “Эч качан "эч качан" деп айтпагын" деп үйрөтөт экен.

**Дина МАСЛОВА**